## ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ

## ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ

## EDUCATION AND TRAINING

***Мараимова Назик Акжоловна***
***педагогика илимдеринин кандидаты***
***Филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасы***
***Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети***

# АЛТЫН БАЛЫК, БИЛИМ, ЫЙМАН БЕРЕ КӨР!

***Мараимова Назик Акжоловна***
***кандидат педагогических наук***
***Кафедра технологий филологического образования***
***Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына***

# ЗОЛОТАЯ РЫБКА, ДАЙ МНЕ ЗНАНИЕ И ЦЕЛОМУДРИЕ!

***Maraimova Nazik Akjolovna***
***Candidate of Pedagogical Science***
***Department of Technologies of Philological Education***
***Kyrgyz national university named after J. Balasagyn***

# GOLD FISH, GIVE ME KNOWLEDGE AND CHASTITY!

***Аннотация:*** *Макалада мектеп программасына киргизилген адабий жомоктор, анын ичинен чет элдик акын-жазуучулардын жомокторунун кыргыз класстарында окутулушу каралган.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются литературные сказки, включенные в школьную программу, из них обучение авторских сказок зарубежных писателей и поэтов в кыргызских классах.*

***Annotation:*** *The article discusses the literary fairy tale, included in the school curriculum, from the training of the authors tales of foreign writers and poets in kirgizka classes.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *жомок, адабий жомок, тарых, элдик оозеки чыгармачылык,*

*элдик тарбия, улуттук салттар, баалуулуктар.*

***Ключевые слова:*** *сказка, литературная сказка, история, фольклор, народное воспитание, национальные традиции, ценности.*

***Key words:*** *tale, literary tale, history, folklore, national education, national traditions, values.*

Ар бир фольклордук чыгарма өзүнүн пайда болуу жана өсүү жолунда ошол элдин улуттук көз карашын, географиялык аймагын, жашоо шартын, салт-санаасын, маданиятын чагылдырат. Фольклордогу бай образдар, тема, мотивдер, формалар жогорку көркөмдүктө өздөштүрүлүп, жеке жана коллективдүү чыгармачылыктын татаал диалектикалык биримдигинде пайда болоору анык. Балдарга арналган чыгармалар адам, анын жашоо тиричилиги, жаратылыш, коом, эмгек, кулк-мүнөз жөнүндөгү түшүнүктөрүн өстүрүп, тарбиянын бардык элементтерин үйрөтөт.

Фольклордун эң кеңири тараган жанры жомоктор болуп эсептелет. Жомокторду биз өзүбүздүн кемчиликтерибизди көрө турган күзгүгө салыштырабыз. Окумуштуу С. Рысбаев белгилегендей: «окуучунун эстетикалык керектөөсү талап кылган, жан дүйнөсүнө жакын турмуштук, психологиялык жагдайлар да, мугалим өз ишинде пайдалануучу психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык идеялар да жомоктун «сакадай боюна» сыйдырылган. Демек, бул жагдайдан алганда, жомок окуп-үйрөнүүнүн обьектиси гана эмес ал элдик рухтун алтын сандыгы, түгөнбөс, көөнөрбөс алтын казынасы катары ачылып келет. Жомок адамдын кеп ишмердүүлүгүнүн продуктусу. Башкача айтканда, жомок - элибиздин кепкордугунун, талантынын, сөзгө чебердигинин натыйжасында сөз берметтеринен чогулуп келип чыккан айрыкча бир сөз мунарасы эмей эмне!» [5].

Жомоктор дүйнөлүк балдар адабиятынын баа жеткис казынасы. Нукура акылмандык, чыныгы улуттук, адамдык баалуулуктар бөтөнчө элдик жөө жомоктордо күчтүү болот. Толкундатып, ички жан-дүйнөсүн биротоло арбап алганы үчүн В. Гауф, Г.Х. Андерсен, А.С. Пушкин ж.б. жомоктун катылуу эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн аракетке келтирип, көркөмдөп кайра жазып чыгышканы белгилүү. Так ушундай эле тенденцияны кыргыз профессионал адабиятынан да байкайбыз.

Автордук жомоктордун жазылыш фактысынын өзү чоң нерсе. Анын ички маңызында калемгердин элдик жөө жомокторго болгон зор сүйүүсү, улуу таазими жатат. Бекеринен орус элинин Александр Пушкин, Василий Жуковский, Лев Толстой, Алексей Толстой сыяктуу адабият алптары элдик оозеки чыгармачылыкка атайын кайрылып, фольклордук сюжеттеги өлбөс-өчпөс поэмаларын, адабий жомокторду жаратышпагандыр. Алардан эстафетанын учугун кабыл алып, так ушул небаккы салттуу көрүнүштүн негизинде жаралып, азыр мектеп программасында окутулуп жаткан А. Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», Т. Үмөталиевдин «Күч бирдикте», Ж. Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», А. Осмоновдун «Толубай сынчы», Ж. Садыковдун «Энелердин жүрөгү» поэмалары, Ч. Айтматовдун «Бугу эне», А. Стамовдун «Үч мээрим» жомоктору да аттары аталган калемгерлердин элибиздеги фольклордук чыгармаларга болгон теңдешсиз сый-урмат сезимдеринин күбөсү. Жогоркудай көркөм туундуларды жазып, көпчүлүктүн сынына коюуда авторлор болгон сүрөткерлик дараметин жумшап иштегендери талашсыз.

«Адабий жомоктор элдик жомоктордун негизинде, алардын мотивинде жазылса да, ал жазуучулар жомоктордун окуяларын, айтылуу ыкмаларын жөн гана көчүрүп, кайрадан бир сыйра иретке салып коёт дегендикке жатпайт. Жазуучулар, акындар өздөрүнүн шык-жөндөмүнүн деңгээлине жараша элдик

жомокторду кайрадан иштеп чыгышат да, алардын мазмундуулугун, жеткиликтүүлүгүн, уккулуктуулугун бир кыйла арттырышат. ...Ошону менен бирге, алар жомоктогу окуялардын өнүгүшүн тактап, ырааттуулугун күчөтүп, айтылчу ойдун тереңдигин арттырып, катышуучу каармандардын сырткы аракеттерин гана эмес, ички дүйнөсүн да кеңирээк ачууга аракеттенишет» [1].

Адабияттын 1950-жылдардагы окутуу программасын карасак, А. Пушкиндин «Хандын өлгөн кызы жана жети баатыр жөнүндө жомогун» көрүүгө болот. Аны өздөштүрүүгө 4 саат бөлүнүп, 1959-жылга чейин окутулуп келген. Г. Андерсендин «Кар ханышасы» 1971-жылдан баштап IV класстарда туруктуу окутулуп баштаган. Бирок, бул жомок окуу программасынан алынып, ордуна А. Пушкиндин «Балык жана балыкчы жөнүндөгү жомогу» 3 саат көлөмүндө киргизилип, 1998-жылдан бери окутулуп келет.

А. Пушкин (1799-1837) жомокторду акындык дарамети табына келип турганда 1830-1834-жылдар аралыгында жазган. А. Пушкиндин орус эл жомокторун жакшы билип, талдап, сүйүп чоңоюшуна акынды багып чоңойткон Арина Родионовна себепкер болгон. Пушкин келечек муунга өз эне тилинде сүйлөп, тарыхын билүү гана жетишсиз экендигин белгилеп, «өз тилиңердин катылып жаткан өзгөчөлүктөрүн билгиңер келсе, жомокторду көбүрөөк окугула», - деген кеңештерин айткан.

V класста орус акынынын «Балык менен балыкчы тууралуу жомогун» окутууга 3 саат бөлүнгөн. Андагы аннотацияны (Жомоктогу ач көздүктүн, көрө албастыктын, дүйнөкорлуктун ашкерелениши. Бар дүйнөгө ыраазы болбоо, канааттанбоо – ыймандык катастрофанын башталышы. Жомоктун нравалык сабагы, бүгүнкү күндүн проблемалары менен байланышы) көңүлгө алуу негизинде бул окуу материалын сабак-сааттарга бөлүштүрүүнүн төмөндөгүдөй үлгүсүн сунуш кылабыз:

1-сабакта төмөнкүдөй максаттар ишке ашырылат:

- Чет элдер адабияты, анын ичинен орус адабияты боюнча кириш сөз менен жаңы теманы баштап, улуу акын Александр Сергеевич Пушкиндин өмүр-баянына токтолуп, чыгармалары, ырлары менен, анын бири-бирине окшобогон «Падыша Салтан жөнүндөгү жомок», «Руслан жана Людмила», «Алтын короз жөнүндө жомок» «Поп жана анын жумушчусу Балда» сыяктуу кереметтүү, укмуштуудай кызыктуу жомокторду жараткандыгы менен окуучуларды тааныштыруу;
- Окуучулардын буга чейин А. Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», Т. Үмөталиевдин «Күч бирдикте», Ч. Айтматовдун «Бугу эне» чыгармаларын өздөштүрүүдө ээ болгон «адабий жомок» тууралуу теориялык түшүнүктөрүн бекемдөө;
- Окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтүү;

Сабакты компьютер, экран, Пушкиндин сүрөтү, китептери менен жабдыйбыз.

Адабиятты окутуунун баштапкы этабынын талаптарына ылайык, акын же жазуучунун өмүрү, сүрөткерлик өнөрканасы тууралуу маалымат ушул өтүлүп жаткан чыгармасына байланыштырылып, чакан аныктама түрүндө берилет. Улуу орус акыны А.С.Пушкин тууралуу кыска бирок нуска, мазмундуу маалымат берүү үчүн 7-10 мүнөт убакыт каралганы туура. Окуучулардын айрымдары жомоктун өзүн мурда эле окуулары же мультфильмин көрүүлөрү ыктымал. Мындай жагдай теманы өздөштүрүүнү жеңилдетет. Балдарды тексттин өзү менен тааныштыруу жумушун мына ошол жомокту окуганы, мультфильмин көргөнү боюнча түшүнүктөрүн угуу аркылуу баштаган ылайык. Муну менен биз окуучуларды жандандырып, өтүлчү материалга карата алардын активдүү-

лүктөрүн өстүрүп, кызыгууларынын артылышына мүмкүндүк түзө алабыз.

Колдонууда турган К. Артыкбаев менен Б.Исаковдун 5-классы үчүн «Кыргыз адабияты» хрестоматия окуу китебинде А. Пушкин боюнча маалымат менен сүрөттүү «Балык жана балыкчы тууралуу жомогу» 2 бөлүктөн туруп, 19 бетти камтыйт. Сюжет анчалык деле татаал эмес. Жомоктун биринчи бөлүгүн мугалим көркөм окуп берип,

«Алтын балык, барагой,
Берүүчү дүйнөң албасмын,
Көк деңизде сайрандап,
Эркин ойноп жүрөгой» , -

деген саптары менен аяктаган оң. Аны менен катар мугалим окуу техникасы, тыным, басым түшүнүктөрү тууралуу окуучулардын эсине салат. Калган бөлүктү балдарга үйдөн окуп келүү тапшырмасы берилет. Мунун ичинен айрым окуучуларга ролдоштуруп окуу үчүн тексттерди бөлүп бергени максатка ылайык.

2-сабакта балдардын текстти көркөм окуусун, түшүнүп окуусун калыптандырууга басым жасайбыз. Бул сабакта ролдук оюн жана имитация ыкмасын колдонуу менен жомоктогу каармандардын мүнөздөрүнө талдоо жүргүзүү, текстке таянып өз пикирин далилдөө сыяктуу окуучулардын көндүмдөрүн өнүктүрөбүз.

Сабактын бышыктоо этабында окуучулар атайын жасалган магниттүү кайырмак менен суроолор катылган «балыктарды» «кармап», тема боюнча түзүлгөн суроолорго жооп беришет. Бул ыкмага улай эле «Алтын балыктан ким эмне сурагысы келет?» деген суроонун тегерегинде талкуу уюштурууга да болот.

Сабактын акырында жомокто көтөрүлгөн проблемаларга байланыштуу бар дүйнөгө ыраазы болбоо, канааттанбоо, ач көздүк, тойбостук жөнүндө макал-лакаптардан таап келүүгө тапшырма берүүнү сунуштайбыз.

3- сабакта:

- балдардын кебин өстүрүүгө басым жасалат (жомокто жана макал-лакаптарда кездешкен «тепши», «төрөлөр», «деңиз», «чайпалды», «кулагы чалбаган», «кийик», «сагызган», «така», «мүйүз» ж.б. сөздөрдүн маанилери чечмеленип, мисалдар менен бекемделет);
- окуучуларды ак ниеттик, гумандуулук, калыстык, топук кылуу сабырдуулук сыяктуу асыл сапаттарга тарбиялоо көңүл чордонунда болот.

Бул жыйынтыктоочу сабакта Михаил Цехановскийдин режисёрлугу менен 1950-жылы «Союзмультфильм» студиясында тартылган «Балык жана балыкчы тууралуу жомогунун» мультфильмин көрсөтүүгө болот. Себеби, окуучулар маалыматты окуп кабылдоосунан көрүп кабылдоосу 30%га жогору болоору маалым эмеспи.

Окуучулар үйдөн иштеп келишкен ыраазы болбоо, канааттанбоо, ач көздүк, тойбостук жөнүндө макал-лакаптардын тизмеги төмөнкүдөй болуусу мүмкүн:

Сагызган сактыгынан эмес суктугунан өлөт.

Ынсапсызга кашык сунсаң, беш ууртайт.

Эки тоонун чөбүн эңсеген кийик ачкадан өлүптүр.

Бай союуга козу таппай, кедейдин жалгыз улагын сураптыр.

Өлгөн аттын такасын издеп, бир бай алты ай жер казган экен.

Мүйүздүү болом деп, кулагынан айрылыптыр.

Ал эми окуу китебинде жомоктун аягында төмөнкүдөй макалдар берилген:

1. Сыйлаганды билбеген, сыйпалаган көр сокур.
2. Сыйга сый, сыр аякка бал.
3. Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт.

Бул макалдарга удаа эле «Кузгун болуп миң жыл жашаганча, бүркүт болуп бир күн жашаган жакшы» деген накыл сөз мазмунга

үндөш тандалып алынган эмес. Бул жерде кузгун ким да, бүркүт ким? Напсисин тыя албай, кемпир кайсы бир деңгээлде кузгунду элестеткени менен, аз күнгө падыша болуп, ал бүркүттүн өзү сыяктуудай. Өмүрү курсагы тамакка тойбой, көңүлү өспөсө, же бүтүнүрөөк кийим кийбей, көрүнгөн басынтып турса, анда балыкчы чал ким? Анын эмнеси бүркүт? Бирине экинчиси окшош, суз күн кечирген балыкчы нака кузгундун өзү болуп жүрбөсүн? Мугалим материалдын ички маңызын, идеясын түшүндүрүүдө арты бүдөмүк, кош маанилүү мисалдардан качуусу керек.

Балыкчы чал кемпиринен айырмаланып дайым түз жүргөн, ак эмгеги менен жашаган адам, ыймандуу жана гумандуу. Бирөөгө жакшылык кылса да, аны өзүнө пайда табыш үчүн эмес, адамгерчиликтин улуу урматы үчүн жасайт. Так ошол пайда издебегени үчүн ал алтын балык кармап алганында балыктын: «тилегениң берейин» деп жалбарганын кулагынын сыртынан кетирип, коё берип жиберет. Ички дүйнөсүнүн акактай тазалыгынан, баёолугунан улам «балыкка жакшылык кылган кубанычымды бөлүшөт го» -, деп кемпирине сүйүнчүлөйт. Тилекке каршы, ал күткөндөн такыр башкача жыйынтык болду.

А.С. Пушкин кемпирдин мисалында адамдагы ынсапсыздыкты, ач көздүктү, дүнүйөкорлукту ашкерелеп жатат. Албетте, адам улам жакшыга, алдыга умтулуп жашашы керек. Бирок, тигинтип буюруп турганда өтө эле ашынып ач көздүк кылса, колундагысынан да ажырап калышы ыктымал. Кемпирдин ыймандык катастрофасы тепшинин бүтөлгөнүнө ыраазы болбой, балыктан үй сураганынан башталган. Болуптур, үй да керек экен дейли, ошондо эле буюрганга топук кылганда аягы жакшы бүтмөк экен да. Адамдар акча, дүнүйө, байлык тууралуу көбүрөөк ойлоп калышты. «Дагы, дагы» деп отуруп, ач көз кемпирдин кейпин кийип, итке минип отуруп калган учурлар да жок эмес. Чыгарманын адептик сабагы бүгүнкү күн үчүн өтө баалуу.

**Адабияттар:**


1. Артыкбаев К., Исаков Б. Кыргыз адабияты. 5-класс үчүн хрестоматия окуу китеби. – 4-бас. – Б.: - «Инсанат», 2012. – 320 б.
2. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. – М.: «Академия», 1999. – 168 с.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. I том – Б.:Шам, 2004. – 684 б.
4. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп – Б.: «Турар» 2011. – 604 б.
5. Рысбаев С. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү: Пед. илимд. докт. диссерт.: 13.00.02 – Б. 2006.


***Рецензент: п.и.д., профессор***
***Муратов А.***